DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 8, 2021

*Кадыров Акжол, Кадыров Абдинаби*

# БОРБОР АЗИЯДАГЫ БОШТОНДУК КӨТӨРҮЛҮШТҮН СЕБЕПТЕРИ ЖАНА БАТКЕН АЙМАГЫ

*Кадыров Акжол, Кадыров Абдинаби*

# ПРИЧИНЫ ОСВОБОДИТЕЛЬНОГО ВОССТАНИЯ В ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ И БАТКЕНСКИЙ РЕГИОН

*Akzhol Kadyrov, Abdinabi Kadyrov*

# THE CAUSES OF THE LIBERATION UPRISING IN CENTRAL ASIA ASIA AND THE BATKEN REGION

*УДК: 94 (47) (575.2) (043.3)*

*Макалада 1916-жылы 4-июлда Кожент шаарынан башталган жалпы элдик улуттук боштондук кыймылга көп улуттуу Түркстан калктары сыяктуу Баткен жергесиндеги тургундардын катышуусу жана падышачылыктын антиколониалдык саясатына каршы Борбордук Азия элдеринин улуттук боштондук күрөшүнүн себептери талдоого алынды. Кожент, Кокон шаарлары Баткенге жакын болгондуктан, андагы ар кандай саясий окуялар, социалдык-экономикалык маселелер олуттуу таасир этип турган. Бул аймак стратегиялык жактан да маанилүү болгондуктан, ички жана тышкы күчтөрдүн көз жаздымынан четте калбаган. Мында өнөр жай ишканалары, анын негизинде капиталисттик мамилелер пайда боло баштаган. XIX к. акырында Сүлүктүдө, Кызыл-Кыяда көмүр казуу өндүрүшү башталып, темир жол, почта, байланыш каражаттары курулган жана жергиликтүү жумушчу табы өсүп чыккан. Борбордук Азияда болуп өткөн ар кандай саясий жана олуттуу окуялардын көпчүлүгү, анын ичинде Улуу Октябрь революциясынын жеңиши Баткен аймагынан башталган.*

***Негизги сөздөр:*** *Баткен аймагы, падышалык бийлик, саясий абал, көтөрүлүш, улуттук боштондук кыймыл, карапайым калк, социалдык-экономикалык маселелер.*

*В статье анализируется участие баткенцев в национально-освободительном движении, начавшемся 4 июля 1916 г. в Коженте, а также в многонациональном Туркестане и причины национально-освободительной борьбы народов Центральной Азии против антиколониальной политики царизма. В связи с близостью городов Кожент и Коканд к Баткену, различные политические события и социально-экономические проблемы оказали значительное влияние. Этот регион также имеет стратегическое значение и его не обошли вниманием внутренние и внешние силы. В то же время начали складываться промышленные предприятия, на основе которых складывались капиталистические отношения. В XIX веке со временем началась добыча угля в Сулюкте и Кызыл-Кие, были построены железные дороги, почтовые отделения, коммуникации, вырос местный рабочий класс. Большинство различных политических и значимых событий в Средней Азии, в том числе победа Великого Октября началось в Баткенской области.*

***Ключевые слова:*** *Баткенский регион, царская власть, политическая ситуация, восстание, национально-освободительное движение, простолюдины, социально-экономические вопросы.*

*The article analyzes the participation of Batken residents in the national liberation movement, which began on July 4, 1916 in Kozhent, as well as in multinational Turkestan, and the reasons for the national liberation struggle of the peoples of Central Asia against the anti-colonial policy of the monarchy. Due to the proximity of the cities of Kozhent and Kokand to Batken, various political events and socio-economic problems have had a significant impact. This region is also of strategic importance and has not been ignored by internal and external forces. At the same time, industrial enterprises began to take shape, on the basis of which capitalist relations were formed. XIX century over time, coal mining began in Sulukta and Kyzyl-Kiya, railways, post offices, communications were built, the local working class grew. Most of the various political and significant events in Central Asia, including the victory of the Great October Revolution began in the Batken region.*

***Key words:*** *Batken region, tsarist government, political situation, uprising, national liberation movement, commoners, socio-economic issues.*

XX к. башында дүйнөнү бөлүштүрүү үчүн ири империялардын күрөшү Түркстандагы элдердин абалына да терс таасирин тийгизген. Россия империясынын колониалдык катаал саясаты падыша чиновниктеринин жана жергиликтүү төбөлдөрдүн элге кылган кыянаттыгынын айынан ого бетер күчөгөн. Падышачылыктын колониялаштыруу үчүн жерлерди бошотууга багытталган жер саясаты 1916-ж. окуялардын түпкү себеби болсо, жергиликтүү калкты аскердик-ооруктук жумуштарга мобилизациялоо боюнча падышанын жарлыгы каршылык көрсөтүүгө тикеден-тике себеп болгон.

Бирок, Борбор Азиядагы 1916-ж. улуттук боштондук көтөрүлүш арадан бир кылым өткөндүгүнө карабастан, комплекстүү түрдө изилденип, ага саясий, социалдык, экономикалык жана башка өңүттөрдөн тыкыр иликтенип, толук бааланбай келе жатат.

Биз өз изилдөөбүздүн алкагында аталган тема боюнча тарыхый жана архивдик булактарды пайдалануу менен жана айрым маселелерди өз ордунда иликтөө максатында Тажикстандын Кожент шаарында болдук. Кожент шаарынын тарых музейинде 1916-ж. 4-июлунда полицейдин колундагы куралын жулуп алган жергиликтүү аялзатынын өкүлү Бүсалиха Кабылкожоевага (1861-1941-жж.) арналган маалыматтар менен кошо сүрөтү, өмүр баяны, эрдиги менен тааныштык. Бул тема боюнча тарых илимдеринин доктору, проф. Хабибулла Халжураевдин маалыматын уктук.

Кожендеги окуялардын кыргыз журтчулугуна тийгизген таасирлери жана алардын Койбоз, Жанбоз-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



го карай көчүүгө болгон камылгалары жөнүндө жаңы маалыматтар топтолду.

Аталган тема бир канча жылдар боюу жабык болуп келгендиктен, жергиликтүү тургундардан жыйналган маалыматтарды топтоп, иргеп, анализдей алдык. Теманы изилдөөдө тарыхый-объективдүүлүк, логикалык салыштырмалуу принциптерин колдонуунун натыйжасында изилденип жаткан проблема боюнча жалпы жана жеке окуялар бири-бири менен тыгыз байланышта каралып, негизги илимий жыйынтыктар жасалды.

Борбордук Азиядагы улуттук боштондук көтөрүлүштүн чыгуу себептери – падыша Николай IIнин 1916-ж. 25-июнундагы Астрахан губерниясынын, Сибирдин жана Орто Азиянын элдерин аскердик ооруктук жумушка алуу жөнүндөгү жарлыгы болгон [1,1]. Аталган жарлык боюнча аскердик ооруктук жумушка тартылуучу жергиликтүү эркектердин саны 3 332 200 адам болуп, а.и. Түркстан крайына 250 миңи (8%ке жакын) туура келген. Анын ичинен:

Сыр-Дарыя областы 80 миң,
Фергана областы 77 миң,
Жети-Суу областы 43 миң,
Самарканд областы 35 миң,
Закаспий областы 15 миң [1,1].

Генерал Мартсондун Түркстандагы губернаторлорго жөнөткөн телеграммасында: согуш кийинки жылы да бүтпөй калган учурда пахта себүүчү аймактарда пахтанын түшүмүн жыйноо, кайра иштетүү жана кийинки жылы да айдап себүүгө керектелүүчү жумушчу күчүн эсепке алуу жагын милдеттендирген. Бул боюнча губернаторлордун кеңешмесинде пахта себилүүчү Фергана областынан тартылуучу эркектердин санын 50 миңге кыскартып, аны Жети-Суу (60 миң), Сыр-Дарыя (87 миң), Самарканд (38 миң) областарынын эсебинен толуктаган [1,2].

Падышанын жарлыгын ишке ашыруу үчүн Самарканд областынын аскер-губернаторунун тапшырмасы боюнча Кожент уезди 8140 адамды ооруктук жумушка жөнөтүүгө тийиш болгон. Ошол мезгилде Кожент уездинин курамында болгон азыркы Лейлек районунун аймактарындагы Исфана болуштугуна 312, Чапкылдык болуштугуна 312, Бөксө-Сибирги болуштугуна 270 адам бөлүнгөн. Тизмеге дагы 10 пайыз кошумча керек болгон. Анткени, кокус комиссиядан өтпөй калган жумушчунун ордун толуктоо үчүн камсыздандырылган. Мына ошондо жалпы Исфана, Чапкылдык, Бөксө-Сибирги болуштуктарынан түзүлгөн 894 кишиге кошумча 983 кишинин тизмеси түзүлгөн [2,1].

Падышанын аталган жарлыгында көрсөтүлгөн жогорудагы сандык тапшырмаларды губернаторлор уездерге, уездер болуштарга, болуштар ар бир түтүнгө бөлүштүргөн. Экинчиден, аталган жарлыкта аскердик ооруктук жумушка тартылуучу жергиликтүү эркектердин саны гана эсепке алынып, ага кимдерди тартуу керек экендиги көрсөтүлбөгөн. Мына ушул жагдайдан пайдаланган жергиликтүү атка минерлер тизмеге жалаң гана кедей-кембагалдарды сунуштаган. Ошондуктан, мындай капсалаңдуу тизмеге кедей-кембагал, карапайым үй-бүлөлөрдүн дээрлик баары туш болуп, жергиликтүү калк арасында олуттуу нараазычылыктар пайда боло баштаган.

Жумушчуларды ооруктук жумуштарга тартуу максатында түзүлгөн тизме боюнча Кожент шаарында жана анын айланасындагы кыштактарда жалпы карапайым калктын нараазычылыктары күчөй баштаган. 2-3-июлда Кожент шаарында жалпы калктын толкундоолору башталган. Бирок, буга карабастан административдик тараптар ооруктук жумуштарга жөнөтүлүүчү жумушчулардын тизмесин түзүүнү уланта беришкен.

Көтөрүлүш 4-июль күнү эртең менен башталган. Түзүлүп жаткан тизмеге нараазы болгон тараптардан 500дөн ашуун адам Коженттин Калъаинав бөлүгүндөгү канцеляриянын жанына топтолушуп, полиция башчысынан оорукка баруучулардын тизмесин түзүүнү токтотууну талап кылышкан. Көп узабай эле көтөрүлүшчүлөргө жергиликтүү кол өнөрчүлөр, дыйкандар кошулуп, алардын саны 7-8 миңге жеткен. Көтөрүлүшчүлөр канцелярияга чабуул коюшкан. Полицейлер көтөрүлүшчүлөрдүн жолун тороого аракеттенишкен, бирок, көтөрүлүшчүлөр алардын каршы аракеттерине моюн сунушкан эмес. Мына ушул жерде жергиликтүү аялзатынын өкүлү Б.Кабылкожоева (1861-1941-жж.) баатырдык аракет жасап, полицейдин колундагы куралын жулуп алган. Бүсалиха Кабылкожоеванын бул аракети 1916-ж. улуттук боштондук көтөрүлүштүн баатыры катары бааланып, анын сүрөтү Кожент шаарындагы областтык мамлекеттик музейде баалуу экспонат катары сакталып турат.

Аталган музейде «Коженттеги 1916-ж. көтөрүлүш» деген темада тартылган А.Линин картинасы да сакталган. Бул экспонаттар мындан бир кылым мурда болуп өткөн тарыхый окуяны чагылдыруу менен бирге мында келүүчүлөрдүн мекенчил сезимдерин жогорулатууга олуттуу таасир этип турат.

Мына ушул жерде куралсыз манифестациячыларга каршы полициячылар ок чыгарышкан. Манифестациячылар Кожент сепилинин дарбазасына карай чегинишкенде аларды 25 солдат ок атуучу курал менен тоскон. Мындан куралсыз карапайым калктын бир канчасы өлүп, бир канчасы жарадар болгон. 4-июль күнү кечинде Кожентте аскердик абал жарыяланган. Кожент гарнизонуна жардамга

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Фергана областынан артиллерия жана пулемёттор менен куралданган аскер бөлүгү чакырылган. Көтөрүлүшчүлөрдү басуу үчүн шаарда каардуу террор башталган. 5-июль күнү Костакөз шаарчасынан Кожентке карай келе жаткан 700 тургундарды пулемёттун огу менен токтотушкан. Сыр-Дарыянын оң жээгинде колго түшкөн көтөрүлүшчүлөр үчүн «атайын лагерь» уюштурулган. Падышачылык сот Кожент көтөрүлүшүнүн 400 катышуучусун сот жообуна тарткан [3,2].

Тарых илимдеринин доктору, профессор Х.Халжураевдин пикири боюнча Коженттеги көтөрүлүш – улуттук боштондук мүнөздө болгон. Анткени, аскердик ооруктук жумуштарга жалаң гана карапайым калктын өкүлдөрү каттоого алынгандыктан, ага нараазы болгон дыйкандар, кол өнөрчүлөр, кедей-кембагалдар катышкан. Алар улуттук курамы боюнча тажиктер, өзбектер, кыргыздар, түрктөр ж.б. этностор болгон. 5-июль күнү Костакөз шаарчасынын 700 жакын тургундары бул көтөрүлүштү колдоого алып, Кожент шаарына карай келе жатканда аларды падышалык аскерлер пулемёттун огу менен тосушкан. Коженттиктерге өздөрүнүн тилектештигин билдирүү үчүн келе жатышкан Исписар, Кожент темир жол станциясынын ж.б. шаарга жакын кыштактардын миңдеген тургундарынын өкүлдөрүн солдаттар куралжарак менен токтотушкан [4,8].

Кожентте башталган элдик көтөрүлүштүн учкуну бат эле Самарканд областынын Оро-Төбө, Ганч, Шахристан жана Исфара волосторунда тутана баштаган. Официалдуу маалыматтар боюнча июль айында Самарканд областында 25, Сыр-Дарыя областында 20 жана Фергана областында 86 элдик толкундоолор болуп өткөн [3,3].

Коженттеги 1916-ж. 4-июлундагы көтөрүлүш Борбордук Азиядагы элдердин Падышачылык Россиянын антиколониалдык жана антифеодалдык эзүүсүнө каршы улуттук боштондук кыймылынын башталышы болгон. Мына ушул окуядан кийин гана Падыша Николай IIнин эркектерди аскердик ооруктук жумушка алуу жөнүндөгү жарлыгына, Падышачылык Россиянын жана жергиликтүү бай-манаптардын антиколониалдык жана антифеодалдык саясатына каршы жалпы элдик кыймылдар Орто Азиянын жана Казакстандын башка аймактарына жайыла баштаган.

Кожент трагедиясы падышачылык администрациянын да шаштысын кетирген. Самарканд аскер губернатору Нил Лыкошин Түркстан аскер округунан тез арада областка кошумча аскер күчтөрүн жөнөтүүнү суранган [3,4].

Сыр-Дарыя областынын аскер губернаторуна 1916-ж. 10-июлунда Ташкент шаарындагы атайын бөлүмдүн начальниги тарабынан жөнөтүлгөн №2810 телеграммада: «Байларды жана интеллегенттерди ооруктук жумуштарга алууну акчалай төлөмдөр менен алмаштырууга мүмкүнчүлүк каралган деген имиштерге байланыштуу жергиликтүүлөр арасында күчтүү толкундоолор жаралып жатат. Жергиликтүү карапайымдар эгерде бай үй-бүлөлөр ооруктук жумуштарга алынбаса, анда калктын туруктуу катмары байлар менен өз алдынча эсептешүү үчүн ири баш аламандыкты уюштурууга жөндөмдүү экендиги жөнүндө чайканаларда сөз кылышууда», - деп билдирилген [1,3].

Падыша Николай IIнин эркектерди аскердик ооруктук жумушка алуу жөнүндөгү жарлыгына каршы нараазычылыктар жана коженттиктерди колдоо максатындагы жалпы элдик толкундоолор бүткүл Түркстан аймагы менен кошо Баткен аймагындагы айылдарга да тарай баштаган.

1916-ж. 4-июлунда Кожент шаарында болуп өткөн көтөрүлүштүн жалыны тез эле Сүлүктү көмүр кенинин жумушчуларына да тарай баштаган. Жумушчулар ооруктук жумуштарга кенчилерди жөнөтпөө, эмгек акыны жогорулатуу, 8 сааттык жумуш күнүн киргизүү, айып пул төлөөнү алып таштоо талаптарын коюшуп, иш таштоого чыгышкан. Бир нече күндөн кийин кен жетекчилери жумушчулардын талабын аткарууга аргасыз болушкан [2,2].

1916-ж. июль айынын аяк ченинде Бөксө-Сибирь болуштугунун Беш-Кудук айылындагы болушу Абдилкасым Сарымсаковко ушул айылдын тургундары, үч бир тууган Халжигитовдор кол салышып, өлтүрдүк деп ойлошот, бирок, оор жарадар болгон А.Сарымсаковду Кожентке, андан ары Ташкент шаарындагы ооруканага алып барып, анын өмүрүн сактап калышат. Бир тууган Халжигитовдордун болушка кол салуусу да ооруктук тизмени жок кылуу талабы болгон [2,3].

Кадырова Кайры: « Менин чоң энем Калмурза кызы Анардын (1895-1976-жж.) айтуусу боюнча кыргыз айылдарында алгач «Ак падышага» солдатка балабызды бергенче кашык каныбыз калганча кармашканыбыз жакшы» деген үгүт тараган. Кийинчерээк мындай саясат «Койбоз, Жанбозго биротоло көчүп кетебиз, ат-көлүгүңөрдү даярдагыла, күл азыгыңарды камдагыла, бара турган жер өтө алыс, ошондуктан, унааларды азыртадан тыныктыра баштагыла» деген кабар үймө-үй жеткирилип, ар бир үй-бүлөнүн даярдыгын тескеп, сурап турган атайын топ түзүлгөн. Жаш балдарды узак жолдо алып жүрүүгө ыңгайлуу деп атайын куржундарды даярдашкан. «Көч айлап созулат деп айткандарынан, керектүү буюм-тайымдарды гана ала турган болдук, талкан, май, курут камдадык, нан кургаттык, эки жаш балам үчүн чоң куржун тигип, катуу даярдык

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



көрдүк. Бул мезгил жайдын акыры болчу» - деп айткан эле» [5].

Бирок, кандайдыр себептер менен кыргыз айылдарынын мындай « улуу көчү» болбой калган. Биздин оюбузча көчпөй калуунун себеби: бүткүл Түркстан боюнча жалпы улуттук боштондук кыймылынын кулач жайышына байланыштуу саясий чыңалуунун бир аз жумшарышы, белгисиз, алыс багытка көчүүнүн тобокелчилигинен баш тартуу жана кыш мезгилинин жакындыгы болгон болуу керек деп ойлойбуз. Ысык-Көлдүк, нарындык кыргыздардын Кытай тарапка карай үркүнү өтө чоң жоготууга дуушар болгондугун эске алганда, түштүк кыргыздардын мындай чечими абдан туура болгон деген пикирдебиз.

Жыйынтыгында, 1916-ж. 4-июлда Кожент шаарынан башталган жалпы элдик улуттук боштондук кыймылга көп улуттуу бүткүл Түркстан калктары сыяктуу эле Баткен жергесинин тургундары да алгачкылардан болуп катышкан жана падышачылыктын антиколониалдык саясатына каршы Борбордук Азия элдеринин улуттук боштондук күрөшүнүн алдыңкы сабында болушкан. Анткени, Баткен аймагы орто кылымдардан тарта Улуу жибек жолунун бир бөлүгү болгон Ош, Өзгөн тараптан Ташкент, Самарканд тарапка каттоочу жол боюна жайгашкан. Экинчиден, бул аймак Кожент, Кокон шаарларына жакын болгондуктан, мындагы ар кандай саясий, чарбалык ж.б. иштер аларсыз чечилген эмес, анткени, кыргыздар бул шаарлардын башкаруу курамына, согуштук иштерине активдүү катышып турган. Үчүнчүдөн, бул аймак стратегиялык жактан абдан маанилүү болгондуктан, ички жана тышкы күчтөр мындан кыйгап өтө алган эмес. Төртүнчүдөн, бул аймакта өнөр жай ишканалары башка аймактарга салыштырмалуу бир топ мурда жандангандыктан, орус ишкерлери келип, капиталисттик мамилелер эрте пайда боло баштаган. XIX к. акырында Сүлүктүдө, Кызыл-Кыяда көмүр өндүрүү башталгандыктан, темир жол, почта, байланыш каражаттары курулган, жергиликтүү жумушчу табы өсүп чыккан. Алар Ташкент аркылуу Санкт-Петербургда, Москвада болуп жаткан саясий ж.б. ар кандай окуялар менен байланышып, кабарлашып турган. Анын натыйжасында Борбордук Азияда болуп өткөн ар кандай саясий жана олуттуу окуялардын көпчүлүгү (анын ичинде Улуу Октябрь революциясынын жеңиши) мына ушул аймактан башталган.

Ошентип, Баткен аймагы 1916-ж. башталган Борбор Азиядагы улуттук боштондук көтөрүлүшкө алгачкылардан болуп активдүү катышкан жана бул аймакта болуп өткөн ар кандай саясий жана маанилүү окуялардын чордонунда болуп келген.

**Тиркеме №1**



**Тиркеме №2**



**Адабияттар:**


1. Восстание 1916 года в Киргизстане. - М., 1937. - С. 19-20, 29.
2. Жаныбеков А., Жаныбеков К. Сүлүктүнүн тарых барактарынан. - Б., 2006. - 91-94-бб.
3. Интернет сайт: www.literatura.kg. 18-ноября 2008 года.
4. Маалымат берүүчү: Халжураев Хабибулла - 1933-ж. туулган. ТР Кожент шаарынын тургуну. Тарых илимдеринин доктору, профессор.
5. Маалымат берүүчү: Кадырова Кайры – 1954-ж. туулган. Баткен районунун Рават айылынын тургуну.
6. Мытыев М.Ч. Восстание 1916 года: история и современность. Известия ВУЗов Кыргызстана. - 2016. - № 4. - С. 137-138.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



7. Анарбаева Д.М., Белекбаева Э.Т. Восстание 1916 года - след в истории. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. - №. 11. - С. 131-134.